КЫРГЫЗ ТИЛИ 10-КЛАСС ВАРИАНТ № 2

Аты-жөнү: _____

2020

№ 1. Кош мамилеге мисалды белгилеңиз.
а) кел **б)** аткар
в) жардамдаш **г)** билчү

№ 2. Үндөштүк закону бузулган сөздү белгилеңиз.
а) мугалим **б)** республика
в) китептер **г)** тоолордо

№ 3. Туура жазылган сөздү белгилеңиз.
а) түңкү **б)** түнкү **в)** түмкү **г)** түнгү

№ 4. Татаал сөздүн сүйлөмдөгү милдетин белгилеңиз.
а) милдет аткарбайт **б)** эки-үч
в) бир гана
г) компоненти канча болсо, ошончо

№ 5. Каратма сөз катышкан сүйлөмдү белгилеңиз.
а) – Ой, бул сен белең?
б) – Албетте, мен аны унуткан жокмун.
в) – Балдар, китебиңерди таза кармагыла.
г) Февраль айы аяктап, жаздын жыты келе баштады.

№ 6. ***– Келиңиз, аксакал, – деп Асанкан орун бошотту. Карыя ага ыраазылыгын билдирип, жумшак төшөккө отура кетти.***
Сүйлөмдөрдөгү байланыштыруучу тил каражаттарын белгилеңиз.
а) аксакал, карыя
б) бошотту, отура кетти
в) келиңиз, ыраазылыгын билдирип
г) аксакал, төшөккө

№ 7. Сын атооч сөздөрдү белгилеңиз.
а) бардар, жакыр, тың
б) Карачал, Карагер, каракуш
в) келгин, келин, кел
г) кыздар, кызыл, кырман

Текстке комплекстүү анализ
СУНУШТАЛГАН ТЕКСТТИ КӨҢҮЛ КОЮП ОКУП, **№8-10** ЧЕЙИНКИ ТАПШЫРМАЛАРДЫ ТЕКСТТИН НЕГИЗИНДЕ АТКАРЫҢЫЗ.

Эс-тутум рекорддору

Мээнин иштеши тууралуу сөз болгондо көпчүлүк адамдар эске сактоодо кыйынчылыкка кабылуусун, ал аз келгенсип, жаш өткөн сайын унутчаак болуп бараткандарын белгилешет. Улгайган адамдардын унутчаак болору тууралуу пикир аксиома катары кабылданып калган. Мээнин иштөө механизмин иликтөөчүлөр бул ишенимди чындыкка кошпогондугун эскертишет. Эс-тутумдун жигердүү иштеши, мыктылыгы аны ташып жүргөн адамдын каалоосуна, аракетине түздөн-түз байланышкан.

Азыркы мезгилде эс-тутумду арттыруунун чеги жок экендигин дагы бир жолу тастыктаган, юрист Самвел Гарибян болуп эсептелет. Ал Ростов университетинде студент болуп жүргөн кезинде ден соолугуна байланыштуу дарыгерлерге кайрылат, дарыгерлер жарым жыл бою окууга жана жазууга тыюу салышат. Ошол мезгилден тартып ал угуу жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө өтөт.

1990-жылы Гиннестин китеби ага «Жер жүзүндөгү эң күчтүү эс-тутумга ээ адам» наамын берген. Самвел Гарибян он тилде сүйлөгөн. Ал бири-бири менен эч байланышы болбогон миң сөздү бир эле жолу укканда эсине тутуп, кайрадан айтып берген.

XVII кылымда Италиянын Флоренция шаарында туулган Антонио де Марконун жөндөмүнө да таң бербеске арга жок. Ал бир окуган китебин үтүр, чекитине чейин эсине тутуп калуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон. Антонио де Марко сексен бир жашка чыккан. Кызыгы, ал өлгөнгө чейин бул адатын таштаган эмес. Китептин бир бетин эки-үч секундда эле окуп койгон.

XIX кылымда жашаган Паул Чарлз Морфи шахмат боюнча таң каларлык ийгиликтерди жараткан. Ал көзүн таңдырып алып, бир эле учурда бир нече адам менен шахмат ойноого жөндөмдүү болгон. Бул инсан төрт жүздөн ашуун маанилүү оюндарынын ар бир жүрүшүн өмүрүнүн акырына чейин эсине сактап калган.

(Асылбек Жоодонбеков)

№8. Эс-тутумдун жигердүү иштеши эмнеге көз каранды?
а) Адамдын каалоосуна, аракетине көз каранды
б) Адамдын кыймыл-аракетине көз каранды
в) Айлана-чөйрөгө кылган мамилесине көз каранды
г) Жашоо-шартына көз каранды

№9. Антонио де Марко өлгөнгө чейин кайсы адатын таштаган эмес?
а) Ал окуган китебин үтүр, чекитине чейин эсине тутуп калган.
б) Угуу жөндөмдүүлүгүн өстүргөн.
в) Шахмат боюнча таң каларлык ийгиликтерди жараткан.
г) Эч байланышсыз сөздөрдү бир укканда эсине тутуп, кайрадан айтып берген.

№10. Автор тексттин мазмуну аркылуу эмнени айтайын деген?
а) Улгайган адамдардын унутчаак болору тууралуу
б) Эс-тутумдун начарлоосу тууралуу
в) Эс-тутумду арттыруунун чеги жок экендиги тууралуу
г) Мээнин иштөө механизми тууралуу